**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ**

**ТОГУЗ-ТОРО РАЙОНУ**
**АТАЙ АЙЫЛ**
**АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК**
**КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**

**ТОГУЗ-ТОРОУСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ**
**АТАЙСКОГО**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

---

Атай айыл аймагынын айылдык кеңешинин V чакырылышынын кезектеги I сессиясынын

№5 ТОКТОМУ

13.03.2024-жыл                                                                 Атай айылы

**“Атай-Биримдик муниципалдык ишканасы” мекемесин “МТС Көк-Ирим муниципалдык ишканасы” мекемесин жоюу жана “Атай” муниципалдык ишканасын түзүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 29-декабрындагы №370 “Кыргыз Республикасынын айыл аймактарынын жана шаарларынын деңгээлинде пилоттук режимде административдик-аймактык реформа жүргүзүү жөнүндө” Жарлыгын, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 7-февралындагы №52 “Пилоттук режимде административдик-аймактык реформа жүргүзүү мезгилинде Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун аткаруу органдарынын ишин уюштуруу жөнүндө” Токтомун, Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин 92-беренесин, “Кыргыз Республикасынын Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Мыйзамын жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 31-мартындагы №178 токтому менен бекитилген “Юридикалык жактарды жана филиалдарды (өкүлчүлүктөрдү) мамлекеттик каттоонун тартиби жөнүндө” Жобону жетекчиликке алып Атай айыл аймагынын айылдык Кеңешинин V чакырылышынын кезектеги I сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. “Атай-Биримдик муниципалдык ишканасы ” мекемеси жана “ МТС Көк-Ирим муниципалдык ишканасы ” мекемеси Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 29-декабрындагы №370 “Кыргыз Республикасынын айыл аймактарынын жана шаарларынын деңгээлинде пилоттук режимде административдик-аймактык реформа жүргүзүү жөнүндө” Жарлыгынын негизинде жоюлусун.
2. “Атай муниципалдык ишканасы” мекемесин кайра түзүлүүгө макулдук берилсин.
3. Мекемелердин мүлкүн инвентаризациялоо жана өткөрүп берүү актысына кол коюу жагы “Атай-Биримдик муниципалдык” мекемесинин директору Шамыркан уулу Нурбайга тапшырылсын.
4. Бул токтомдун аткарылышына көзөмөл жүргүзүүнү өз жоопкерчилигиме калтырам.

Атай айыл аймагынын
айылдык кеңешинин төрагасы                                                 Н.Т.Жээнбаев